| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>АЛАМҮДҮН РАЙОНУ<br>СҮЙМОНКУЛ ЧОКМОРОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУЙМОНКУЛ ЧОКМОРОВ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Бириккен Сүймонкул Чокморов айылдык кенешинин уюштуруу сессиясынын**

**ТОКТОМ № 5**

**2024-жылдын 20 -февралы** **Мрамор айылы**

## Чүй облусунун Аламудун районунун Сүймөнкул Чокморов айыл аймагынын Сүймөнкул Чокморов айылдык кеңешин түзүү жөнүндө

“Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 “ Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик – аймактык реформанын алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө убактылуу жобону бекитүү жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023- жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды(өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Сүймөнкул Чокморов айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чүй облусунун, Аламүдүн районунун, “Ала – Арча айыл аймагынын Ала - Арча айылдык кеңеши” жана Чүй облусунун, Аламудун районунун “Октябрь айыл аймагынын Октябрь айылдык кеңеши” бириктирүү жолу менен “Сүймөнкул Чокморов айыл аймагынын **Сүймөнкул Чокморов айылдык кеңеши”** мекемеси түзүүлсүн.

Айылдык кеңештин толук фирмалык аталышшы:

– Мамлекеттик тилде: "Сүймөнкул Чокморов айыл аймагынын Сүймөнкул Чокморов айылдык кеңеши " мекемеси;

– Расмий тилде: Учреждение "Суймонкул Чокморов айылный кенеш, Суймонкул Чокморов айылного аймака"

- Мекеменин жайгашкан жери (юридикалык дареги): Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Аламүдүн району, Мрамор айылы, Юбилейная көчөсү №1

2. “Сүймөнкул Чокморов айылдык кеңеши” мекемесинин жобосу бекитилсин.

3. “Сүймөнкул Чокморов айылдык кеңеши” мекемесинин юридикалык дареги Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Аламүдүн району, Мрамор айылы, Юбилейная көчөсү №1 болуп аныкталсын.

4. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгын ыраастаалат.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**ТӨРАГА** **Мажитов Н.Б.**